| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**<br>**Кемин райондук билим берүү бөлүмү** | **МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**<br>**Кеминский районный отдел образования** |

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

28.07. 2022-жыл № 264 — Кемин ш. г.Кемин

"COVID инфекциясынын андан-ары жайылышын алдын-алуу жөнүндө"

Билим берүү процессин реалдуу режимде уюштурууда жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-майындагы № 244 "Коронавирус инфекциясынын жайылуу коркунучун азайтуу боюнча кошумча чаралар жөнүндө(COVID)" токтому менен бекитилген Убактылуу санитардык-гигиеналык жана эпидемияга каршы эрежелердин жана ченемдердин талаптарын аткаруу максатында

**Буйрук кылам:**

Мектеп жетекчилерине:

1. Кемин райондук билим берүү мекемелеринде 2022-2023-окуу жылына карата иш-аракеттердин Алгоритми (тиркеме 1) так аткарууга алынсын.
2. Коронавирус инфекциясынын жайылып кетүү коркунучун азайтуу боюнча жергиликтүү саламаттыкты сактоо уюмдары менен тыгыз кызматташтыкта иш алып барышсын.
3. Респиратордук оорулар көбөйгөн учурда райондук билим берүү бөлүмдөрүнө, үй-бүлөлүк дарыгерлер борборуна жана ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) токтоосуз маалымат берилсин.
4. Ушул буйруктун аткарылышы билим берүү мекемелеринин жетекчилерине жүктөлсүн.
5. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кемин райондук билим берүү бөлүмүнүн алдындагы окуу-методикалык кабинетинин методисти М.Керимакуновага жүктөлсүн.

Башчынын милдетин убактылуу аткаруучу — Ниязалиева А.К.

**Буйрук № 172**

**02.08.2022ж.** **Ак-Тилек ортомектеби**

**"COVID инфекциясынын андан-ары жайылышын алдын –алуу жөнүндө»**

**Кемин РБББнүн 28.07.2022ж.№ 264 буйругунун негизинде**

**Буйрук кылам:**

**1.Мектеп ичинде 2022-2023-окуу жылына карата иш-аракеттердин Алгоритми так аткарууга алынсын.**

**2.Коронавирус инфекциясынын жайылып кетүү коркунучун азайтуу боюнча жергиликтүү саламаттыкты сактоо уюмдары менен мектеп администрациясы тыгыз кызматташтыкта иш алып барылсын.**

**3.Респиратордук оорулар көбөйгөн учурда РБББнө,үй-бүлөлүк дарыгерлер борборуна жана ата-энелерге(мыйзамдуу өкүлдөрүнө)токтоосуз маалымат берилсин.**

**4.Ушул буйруктун аткарылышы класс жетекчилерге жана тарбия завуч Орозобаева Б.К. жүктөлсүн.**

**5.Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө өзүмдөө калтырылсын.**

**Мектеп директору Ж.Б.Сайдинова**

Биргелешкен буйрук тиркемеси
26.07 2022-ж. № 1487/1

**2022-2023-окуу жылы атайын билим берүү мекемелеринде ишмердүүлүгүндө COVID таажы вирустук инфекциясынын андан-ары жайылышын алдын-алуу боюнча санитардык-гигиеналык, эпидемияга каршы иш-чараларды аткаруу боюнча иш-аракеттердин алгоритми**

| Талаптар | Талаптарды аткаруунун шарттары |
|---|---|
| **"Кирүү фильтрин орнотуу** | - ар бир келген адам үчүн колду антисептик менен тазалоону жана дене табын текшерүү (мүмкүн болушунча контактсыз термометр менен), бардык кызматкерлердин жана окуучулардын дене табын атайын журналга каттоого алуу үчүн жооптуу адамды аныктоо;<br>- күн сайын атайын билим берүү мекеменин окуучуларынын жана кызматкерлеринин үй-бүлө мүчөлөрүндө респиратордук симптомдордун бар же жок экендигин сурамжылоо, андан соң жогоруда көрсөтүлгөн журналга жазуу;<br>- атайын билим берүү мекемесинин окуучулары жана кызматкерлеринин арасында дене табы көтөрүлгөн жана курч респиратордук оорулардын белгилери бар адамдарды жумуштан четтетүү;<br>- атайын билим берүү мекемелеринин окуучулар, мугалимдер жана кызматкерлердин арасында симптомдор аныкталса, алгоритмге ылайык иш алып баруу. |
| **Имараттарга жана бөлмөлөргө коюлган талаптар** | - атайын билим берүү мекемелеринде дезинфекциялоо иштерин жүргүзүү үчүн жооптуу адамды дайындоо жана дезинфекциялоо режимин тиешелүү иш-аракеттер, анын ичинде керектүү концентрациядагы каражаттарды колдонуу менен (милдеттүү белги менен) күчөтүү боюнча көрсөтмө берүү;<br>- желдетүүнүн жана тазалоонун (жалпы, учурдагы жана жыйынтыктоочу) графигин илип коюу;<br>- атайын билим берүү мекемелеринин ашканаларынын ишин санитардык эрежелердин жана эрежелердин талаптарын так сактоо менен уюштуруу;<br>- жуугуч жана дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен ар бир тамактануунун алдында жана андан кийин ашкана үстөлдөрүн иштетүүнү камсыз кылуу;<br>- күн сайын жана ар бир сменден кийин класс-кабинеттерди, коридорлорду дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен тазалоону камсыз кылуу, анын ичинде эшиктин туткаларын, отургуч, свет өчүргүч, оргтехника, телефон, ж.б.сүртүү;<br>- күнүнө 2ден кем эмес жолу даараткана, жуунуучу жайларды, раковиналарды дезинфекциялоо каражаттары менен жууп-тазалоо;<br>- объекттин аймагындагы таштандыларды өз убагында чыгарып турууну камсыз кылуу;<br>- бөлмөдө нормалдуу аба алмашууну жана ар бир сменден кийин жана жана тыныгууларда (күнүнө 4-5 жолудан кем эмес 15 мүнөттөн) үзгүлтүксүз желдетүүнү уюштуруу;<br>- күз-кыш мезгилдеринде температуралык режимдин сакталышын камсыз кылуу; |

| | |
|---|---|
| **Билим берүү мекемесине жакын жайгашкан имараттарга коюлган талаптар** | - атайын билим берүү мекемелеринин аймагында жайгашкан бардык имараттарды жана курулмаларды дезинфекциялоону үзгүлтүксүз жүргүзүү;<br>- объектке жанаша жайгашкан аймакта төмөнкүлөр дезинфекцияланууга тийиш: балдар аянтчалары, отургучтар,беседкалар, таштанды челектери, кармагычтар, эшик туткалары;<br>- дезинфекциялоо сугаруу жолу менен жүргүзүлүүгө тийиш; |
| **Жеке гигиеналык эрежелерди сактоо шарттарын түзүү** | - атайын билим берүү мекемелеринин окуучуларынын, ошондой эле балдар менен күн сайын байланышта болгон мекеменин кызматкерлеринин ден-соолугуна медициналык көзөмөлдү күчөтүү;<br>- класс-кабинеттердин кире беришине дезинфекциялоочу каражаттарды орнотуу (ар бир келген адамдын колун обработкалоо үчүн жоопту адамды аныктоо) жана мугалимдин столунда ар дайым антисептик спрейдин болушу;<br>- кол жуу үчүн орундардын максималдуу санын камсыз кылуу;<br>- колду кантип жуу керектиги жөнүндө нускамаларды илип коюу;<br>- жеке гигиеналык каражаттар (суюк самын, сүлгү, дезинфекциялоочу эритмелер жана салфеткалар, териге каршы антисептиктер) менен камсыз кылуу; |
| **Адамдардын массалык топтолушунун алдын-алуу** | - атайын билим берүү мекемелеринин имараттарында маданий оюн-зоок иш-чараларын өткөрүүгө тыюу салынсын;<br>- ата-энелер, ар кандай мекемелердин өкүлдөрү, ж.б. адамдардын мекемеге киришине чектөө киргизүү; |
| **Санитардык билим берүү ишин жүргүзүү** | - атайын билим берүү мекемелеринин окуучулары, алардын ата-энелери жана мекеме кызматкерлери арасында жеке коргонуу каражаттарын өз алдынча колдонуу зарылчылыгы жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;<br>- коронавирустук инфекциянын алдын-алуу боюнча чаралар: жеке гигиенаны, колдун гигиенасын, ошондой эле жөтөлгө каршы этикетти сактоо боюнча инструктаждарды өткөрүү;<br>- коомдук жайларда коронавирустук инфекциянын алдын-алуу боюнча маалыматтык-билим берүүчү материалдарды (плакаттар, дубал гезиттер, ж.б. ), кызматтардын ишеним телефондорун жайгаштыруу;<br>- күн сайын, класстан тышкаркы иш-чаралар учурунда коронавирустук инфекциянын алдын-алууга багытталган "ден-соолук мүнөтүн" өткөрүү. |